1

**«Б Е К И Т Е М И Н»**
**Алай РИИБдин начальниги**
**милициянын полковниги**
**__________Мурзалиев А.Э.**
**«_31_» _12______2020-ж.**

К О Р У Т У Н Д У:

Алай РИИБдин МЭЖне 30.12.2020-жылы 02-029-2020-000538 саны менен катталган билдирме боюнча.

Гулчо айылы 31.12.2020-ж.

Алай РИИБдин ТКнын тергоочусу милициянын майору Эргешбаев М.Т., Алай РИИБнүн МЭЖне 30.12.2020-жылы 02-029-2020-000538 саны менен катталган билдирме боюнча чогултулган материалдарды текшерип чыгып томондогудой,

А Н Ы К Т А Д Ы М:

Алай РИИБдин нөөмөт бөлүмүнө, 2020-жылдын 30-декабрь күнү саат 17:20 да, Алай АШКсынан билдирүү келип түшкөн. Ал билдирүүдө, Кыргыз Республикасынын Президенттик кызматына талапкер С.Жапаровдун Алай жана Чон-Алай районунун шайлоочулары менен жолугушуусунун алдында Гүлчө айылынын кире бериш жерине "Садыр Президент, Алай эли Садыр Жапаров менен!" деген жарнамалык материал илинген жана бул үгүт материал талапкердин шайлоо фонду тарабынан каржыланган эмес.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо" жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 10-пунктуна ылайык бул жарнамалык көрнөк илүү жайы кимге тиешелүү жана үгүт материалды ким илгендиги жөнүндө иликтеп берүү үчүн жиберген.

Жогоруда аталган билдирме, ошол эле учурда Алай РИИБдин МЭЖне 02-029-2020-000538 саны менен катталып, билдирменин негизинде Алай РИИБдин тергоо-ыкчам тобу окуя болгон жерге барган учурда томондогулор аныкталды.

Гүлчө айылынын кире бериш жерине "Садыр Президент. Алай эли Садыр Жапаров менен!" деген жарнамалык материал илинип тургандыгы байкалган жок. Бирок ага карабастан, жарнамалык көрнөк илүү жайы кимге тиешелүү экендиги боюнча аныктоо иш чаралары жүргүзүлүп, ал жармамалык көрнөк илүүчү жай Алай районунун Гүлчө а/а Жылуу-Суу айылынын тургуну 29.11.1985-ж.т. Ибрагимов Даниель Ганыжановичке таандык экендиги такталып. Д.Ибрагимовдун берген түшүнүк катында. Гүлчө а/а кирeберишиндеги Ош-Эркечтам автожолунун 80 чакырымында жайгашкан жеңил типтеги жарнак тактайчасынын ээсимин. Бүгүнкү күнгө чейин эч ким менен жазуу же ооз эки келишим түзгөн эмесмин. Жарнак тактайга 08.12.2020-жылы, тийиштүү органдардан ыйгарым укуктуу органдардан уруксат берүүчү документтерим бар. Орнотулган күндөн тартып мен ал шитти коро элекмин, анткени Ош шаарында жашап жүрдүм. Маалымат иретинде тактайчамды орнотуп жаткан күнү бир нече адамдар келип ушул жерге жарнак илүүнү сураныштан. Мен макул болгон эмесмин, себеби ал учурда процедуралык пайдалануу документтери толук бүтө элек болчу деп билдирген.

Аталган окуя боюнча, Гүлчө айылынын кире бериш жерине "Садыр Президент, Алай эли Садыр Жапаров менен!" деген өрнөк үгүт материалды илген Алай районунун Гүлчө а/а Исмаилов көчөсүнүн №14 үйүнүн тургуну 01.11.1986-ж.т. Исраилов Мыктыбек Токтобекович, өзүнүн берген көрсөтмөсүндө 2020-жылдын 18-

декабарь күнү Кыргыз Республикасынын Президент кызматына талапкер С.Жапаровдун Алай районунун Гүлчө айылына келип Алай жана Чоң-Алай районунун шайлоочулары менен жолуга тургандыгын угуп, С.Жапаровду колдоо максатында Ош шаарынан "Садыр Президент, Алай эли Садыр Жапаров менен!" деген жарнамалык өрнөктү өзүмдүн каражатыма жасатып келип, Гулчө айылынын кире беришиндеги жарнак илүүчү жайга илейин деп жарнак илчүү жайдын ээсин сурасам, ээси ошол учурда Ош шаарында жашап жаткандыгын угуп, аны менен байланыша албай кийин жолукканда айтып койомун деп "Садыр Президент, Алай эли Садыр Жапаров менен!" деген жарнамалык өрнөктү өз алдымча илдирип койгомун деп билдирди.

Ошондуктан жогорудагы окуя боюнча Исраилов Мыктыбек Токтобекович, Гүлчө айылынын кире беришине өз алдынча "Садыр Президент, Алай эли Садыр Жапаров менен!" деген жарнамалык өрнөктү илип алгандыгы үчүн, Алай АШКна мыйзамдын чегинде чара көрүү үчүн жиберет.

Жогорудагы окуя боюнча кылмыштын жана жоруктун курамы жоктугуна байланыштуу,

**К О Р У Т У Н Д У Л А Й М Ы Н:**

Алай РИИБдин МЭЖне 02-029-2020-000538 сандуу болуп катталган, жогорудагы билдирмеде жоруктун жана кылмыштын курамы жок болгондуктан 02-029-2020-000538 сандуу билдирме боюнча топтолгон материалды "НДело" менен чектоого жатат.

Алай РИИБдин ТКнын тергөчүсү
милициянын майору:- Эргешбаев М.Т.